**2013-жылдын 8-майындагы № 67 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

**«Мамлекеттик кызмат жөнүндө»**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу**

2013-жылдын 4-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., № 12, 529-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

34-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Декларацияда көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгын жана толуктугун текшерүүнүн тартиби, ошондой эле декларациянын формасы, аны толтуруу, берүү, эсепке алуу жана сактоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабын ананыкталат.».

**2-берене**. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**